# Рецепт




Автор: Анархан Аскарбекова

Сүрөтчү: Таттыбубу Ырысбай

# Рецепт

Автор: Анархан Аскарбекова
Сүрөтчү: Таттыбубу Ырысбай

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

«Рецепт» (кыргыз тилинде), автор Анархан Аскарбекова,
сүрөтчү Таттыбубу Ырысбай

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Эрландын атасы кечинде шаардан компьютер алып келмек. Атасын күтүп кыялданып жатып уктап кетти.

Айланасын караса, канаттары чоң көпөлөк, аары жана кумурскалар толуп кетиптир.

– Ой, сен кимсиң? – деди көк түстөгү Көпөлөк.

Жандыктар ага таң кала караашты.

– Менин атым Эрлан. Бул жерге кантип келип калганымды өзүм да билбейм. Ызы-чууну угуп келдим.

– Эртең бизде майрам болот. Мыкты ашпозчу Жылдыз курт «кайсы топ эң даамдуу токоч жасаса, майрамдык дасторконго коюлат» деген. Баалуу сыйлыктар да бар, – деди Аары.

– Эмнеге урушуп жатасыңар?

– Биз урушкан жокпуз. Жасаган наныбыздын даамы окшошпой жатат. Алма кошуп жасаган токоч кычкыл даамданып калды, – деди Кумурска.

– Биз болсо балды көбүрөөк кошуп коюптурбуз.

– А биз кулпунай менен жасадык эле, такыр башкача даам болуп калды.

– Мүмкүн, мен силерге жардам бере алам?

– Кантип?

– Бул аймакта интернет барбы?

– Ооба, бизде интернет да, компьютер да бар.

– Биринчи, токочтун курамын туура жазып, анан жасоо керек.

– Бирок, таң атканча жетишебизби?

– Баарыбыз бири-бирибизге жардам берсек, албетте, жетишебиз, – деди Эрлан ишеничтүү.

Баары ошол замат ишке киришти. Аарылар челекке бал толтурду. Көпөлөктөр талаадан кулпунай теришти. Кумурскалар алма чогултушту.

– Балдан жасалган торттон баштайлы. Кошулмаларын табуу үчүн интернеттен «издөө» деген жерге жазабыз. Мына, таптым! Анда эмесе, мени угуп тургула.

Жумуртка – 2 даана;

Шекер – 130 грамм;

Бал – 90 грамм;

Айран – 100 грамм;

Ун – 150 грамм;

Соода – 1 чай кашык.

– Эми ушунун баарын аралаштырып, духовкага 200 градуска 20 мүнөткө коёбуз.


Жумуртка - 2 даана;
Шекер - 130 грамм;
Бал - 90 грамм;
Айран - 100 грамм;
Ун - 150 грамм;
Соода - 1 чай кашык.


Жумуртка - 2 даана;
Шекер - 130 грамм;
Бал - 90 грамм;
Айран - 100 грамм;
Ун - 150 грамм;
Сода - 1 чай кашык.

Аарылар «тызылдап» жумушка киришти.

– Убакытты коротпойлу, достор, – деди Эрлан, – эми алма менен токоч жасайлы. Кумурскалар, даярсыңарбы?

– Ооба, – дешти баары бир ооздон.

– Анын курамына:

Жумуртка – 2 даана;

Шекер – 140 грамм;

Каймак май – 50 грамм;

Сүт – 125 грамм;

Ун – 180 грамм;

Соода – 1 чай кашык;

Туз – 1 чымчым;


Алма – 4 даана.

– Алгач жумуртка, шекер, каймак май, сүт, ун, соода, тузду аралаштырып, идишке куябыз. Андан кийин алманы жалпак туурап тизип коёбуз. Муну да духовкага 200 градуска 20 мүнөткө коёбуз.

– Кулпунай токочту да алма токочундай жасайбыз.

Көпөлөктөр, кумурскалар жана аарылар Эрлан менен чогуу күн чыкканча тынбай иштешти. Дасторконду да көркkө келтирип, токочтордун түрлөрүн тизип коюшту.

– Эрлан, сага чоң ыракмат. Интернеттен маалыматтарды тапканды үйрөттүң, – деп баары ыраазы болушту.



Бир убакта Эрлан ойгонуп кетти. Көрсө, апасы «уулум тур» деп ойготуп жатыптыр.

– Эрлан, карачы, атаң сага эмне алып келди.

– Компьютер? Ура! – деди кубанычы койнуна батпай.

– Эми интернет туташтырып берем.  Каалаган пайдалуу маалыматтарды тапсаң болот, – деди атасы.

– Ата, апа, интернеттен карап, сиздерге даамдуу тамактарды жасап берем, – деди Эрлан кубанганын жашырбай.

Кайсы топтун токочу даамдуу болду экен? Көпөлөктөрдүн же кумурскалардын токочубу? Балким, бал ташыган аарылардын токочу даамдуу болуп жүрбөсүн? деп ойлонуп жатты Эрлан.

Чын эле, балдар, кайсы токоч даамдуу болду экен?

АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

Автор: Анархан Аскарбекова
Сүрөтчү: Таттыбубу Ырысбай

USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- **3.1 деңгээли**
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли